№ 2150-ФХД/26 21.04.2026

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

(Негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, өзгөртүү жана ишке ашыруу тартиби жобосун бекитүү жөнүндө)

2026-жылдын 13-апрелиндеги ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 7 протоколунун чечиминин негизинде 4.1 маселеде каралган «Негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, өзгөртүү жана ишке ашыруу тартиби жөнүндө» жобосун бекитүү боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. 2026-жылдын 27-мартындагы ОшМУнун Административдик кеңешинде № 20 протоколунун чечими менен сунушталган «Негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, өзгөртүү жана ишке ашыруу тартиби жөнүндө» жобосу бекитилсин.
2. Жобонун аткарылышын камсыздоо, ОшМУнун сайтына орус, кыргыз тилдеринде сайтка жайгаштыруу, окуу структуралык түзүмдөрүнө жайылтуу ОшМУнун академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги Т. М.Папиевага жүктөлсүн.
3. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору, доцент У. Д. Молдояровго жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Жобонун долбоору, академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальнигинин, окумуштуу катчынын билдирүүлөрү, академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальнигини Т. М. Папиеванын, окуу иштери боюнча проректор, доцент У. Д. Молдояровдун макулдашуулары, ОшМУнун ректору, профессор К. Г. Кожобековдун электрондук кол тамгасы.*

**ОшМУнун ректору, профессоу** **К. Г. Кожобеков**

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

| Q-2026-0001<br>*(Документтин шифри)*<br>30<br>*(Беттин саны)*<br>______<br>*(Бекитилген датасы)* | **Ош мамлекеттик университети** |
|---|---|
| | **САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** |
| | **“Негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, өзгөртүү жана ишке ашыруунун тартиби жөнүндө” жобо** |

БЕКИТЕМ
ОшМУнун ректору
Кожобеков К.Г.

_________________

**“____” ______2026**

# Негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, өзгөртүү жана ишке ашыруунун тартиби жөнүндө
# ЖОБО

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**Ош, 2026**

# ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, өзгөртүү жана ишке ашыруунун тартиби жөнүндө ЖОБО |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | 2026-жылдын 27-мартындагы ОшМУнун Административдик кеңешинин №20 токтому менен жактырылып, Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунушталган. 2026-жылдын 13-апрелиндеги ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 7 токтому менен кабыл алынган. |
| Документтин шифри | Q-2026-0001 |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул документ ОшМУда жогорку жана орто кесиптик негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуунун, бекитүүнүн, өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду кийирүүнүн жол-жоболорун жана тартибин аныктайт. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

**Иштеп чыгуучулар:**
1. Асилбек кызы Ж.
2. Папиева Т.М.
3. Борбоева Г.
4. Султанова Г.
5. Шербаева З.
6. Маматова А.

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**МАЗМУНУ**

**КЫСКАРТУУЛАР** ........ 4
**ТЕРМИНДЕР** ........ 4
**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР** ........ 6
**2-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ** ........ 6
**3-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА БЕКИТҮҮНҮН ТАРТИБИ** ........ 7
**4-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖАНА КАЙРА БЕКИТҮҮНҮН ТАРТИБИ** ........ 8
**5-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ПРОГРАММА ЖЕТЕКЧИСИН ДАЙЫНДООГО ТАЛАПТАР** ........ 9
**6-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ПРОГРАММА ЖЕТЕКЧИСИНИН, ЖУМУШЧУ ТОПТУН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ** ........ 10
**7-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ** ........ 11
**8-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН СТРУКТУРАСЫ ЖАНА ДОКУМЕНТАЦИЯЛЫК КАМСЫЗДОО** ........ 12
**9-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ИШМЕРДИГИН ТОКТОТУУ** ........ 13
**10-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, ӨЗГӨРТҮҮ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨГҮ УШУЛ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮНҮН, ӨЗГӨРТҮҮНҮН ЖАНА ЖОККО ЧЫГАРУУНУН ТАРТИБИ** ........ 13
**11-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨ** ........ 14
***№1-тиркеме. НББПнын титулдук баракчасы*** ........ **19**
***№2-тиркеме. НББПнын макулдашуу баракчасы*** ........ 20
***№3-тиркеме. Негизги билим берүү программасынын паспорту*** ........ *21*
***№4-тиркеме. НББПнын максаттары менен окутуу натыйжаларынын шайкештиги (матрицасы)*** ........ *21*
***№5-тиркеме. ББПнын окутуу натыйжалары, компетенциялар жана дисциплиналардын шайкештиги (матрицасы)*** ........ *22*
***№6-тиркеме. Дисциплинар менен компетенциялардын шайкештиги (матрицасы)*** ........ *24*
***№7-тиркеме. НББПнын окутуу натыйжаларын баалоо критерийлери*** ........ *26*
***№8-тиркеме.Эмгек рыногу жана негизги кызматташкан уюмдар/ишканалар жөнүндө маалымат*** ........ *27*
***№9-тиркеме. Билим берүү программасынын кадрлар менен камсыздалышы жөнүндө маалымат*** ........ *28*
***№10-тиркеме.Билим берүү программасынын окуу-методикалык камсыздалышы жөнүндө маалымат*** ........ *29*

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

## КЫСКАРТУУЛАР

**ОшМУ** - Ош мамлекеттик университети
**ББП** - билим берүү программасы
**ЖКБ -**жогорку кесиптик билим берүү
**ОКББ** -орто кесиптик билим берүү
**НББП** негизги билим берүү программасы
**ББС** - билим берүү стандарты
**ЖК** - жалпы компетенциялар
**ЖКК** - жалпы кесиптик компетенциялар
**КК** - кесиптик комптенциялар
**ББП** - билим берүү программасы
**ОН** - окутуу натыйжасы
**ДОН** – дисциплинанын окутуу натыйжасы
**ТОН** – теманын окутуу натыйжасы
**ПЦК**- предметтик-циклдик комиссия

## ТЕРМИНДЕР

**Атайын билим берүү** - психофизиологиялык өнүүсүндө өзгөчө мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон жана өзгөчө билим алуу муктаждыктарына дуушар болгон балдарды атайын жана жалпы билим берүүчү уюмдарда/мекемелерде окутуу;

**Базалык окуу планы** - билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан жана тиешелүү деңгээлдеги дисциплиналардын тизмегин жана көлөмүн, аларды окуп үйрөнүү тартибин жана текшерүү формаларын жөнгө салуучу документ;

**Бенчмаркинг -** уюмдардын натыйжалуу иштөө мисалдарын аныктоо, түшүнүү жана өз ишин жакшыртуу максатында аларды адаптациялоо процессин түшүндүргөн ыкма. Башка билим берүү уюмдарынын, анын ичинде чет өлкөлүк мекемелердин мыкты практикаларын жана тажрыйбасын салыштыруу, изилдөө жана аларды колдонуу аркылуу өз ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн жана өзүн-өзү өркүндөтүүнүн методу;

**Билим берүү деңгээли** - талаптардын белгилүү бир бирдиктүү жыйындысы менен мүнөздөлгөн билим берүүнүн аяктаган цикли;

**Негизги билим берүү программасы** – билим берүү уюмундагы окутуунун максаттарын, окутуу натыйжаларын, мазмунун жана билим берүү процессин уюштурууну билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык жөнгө салып туруучу негизги документ.

**Билим берүү процесси** - билим берүү программаларынын мазмунун билим алуучулар өздөштүрүү максатында окутууну, тарбиялоону жана өнүктүрүүнү уюштуруу системасы;

**Билим берүүнүн сапаты** - билим берүү тутумунун, билим берүү уюмунун жана билим алуучунун билим алуудагы жекече жетишкендиктеринин социалдык жана инсандык күтүүлөргө, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, кесиптик стандарттарга жана Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык билим берүү программаларына шайкештик даражасын чагылдыруучу комплекстүү мүнөздөмөсү;

**Бүтүрүүчү түзүм (түзүмдөр) (кафедра)** – бул белгилүү бир адистикке/профилге адистерди даярдоо, илимий окутуу, изилдөө иштерин жана методикалык иштерди уюштуруучу кафедра (кафедралар), бөлүмдөр жана предметтик - циклдик комиссиялар (мындан ары ПЦК);

**Дескриптор** – бул студенттин компетенцияны өздөштүрүү процессинде көрсөткөн, окутуунун конкреттүү, предметтик натыйжасы;

Документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от ...2021

**Жумуш ордунда окутуу** - милдеттүү түрдө практикалык окутуу жана кесиптик билимдерди менен көндүмдөрдү бекемдөө, ошондой эле билим берүү уюмунун өндүрүштүк бөлүмдөрүндө/комплекстеринде жана (же) ишканалардын/уюмдардын базасында иш тажрыйбасына ээ болуу менен билим берүү уюмунда билим алып жаткандар тарабынан жалпы жана кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү алуусуна багытталган кадрларды даярдоо системасы;

**Квалификациялардын тармактык/сектордук алкактары** - белгилүү тармактагы квалификациялардын мазмунун системалык жана түзүмдөштүрүлгөн деңгээлдери боюнча баяндамасы;

**Квалификациялардын улуттук алкагы** - улуттук квалификациялык системаларды интеграциялоого жана координациялоого, квалификациялардын салыштырмалуулугун камсыздоого багытталган жана квалификациялардын ылайык келүүсүн тастыктоо жана ыйгаруу системасы үчүн негиз болуучу критерийлердин топтомуна ылайык квалификациялардын деңгээлдеринин түзүмдөштүрүлгөн баяндамасы;

**Квалификациялардын улуттук системасы** - квалификациялардын улуттук алкагын, квалификациялардын тармактык/сектордук алкактарын, кесиптик жана билим берүү стандарттарын жана аларды таануу процедураларын, билим берүүчү уюмдардын жана программалардын квалификацияларын баалоо системаларын өзүнө камтуучу билим берүү жана эмгек рыногу чөйрөлөрүнүн өз ара аракеттенүүсүн камсыздоого мүмкүндүк берүүчү механизмдердин жыйындысы;

**Кесиптик стандарт -** бул эмгектик функциялардын мазмунунун жана аны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон кызматкердин квалификациясына карата коюлган талаптардын мүнөздөмөсү;

**Компетенттүүлүк** - адамдын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык жана кесиптик) билимдин жана көндүмдөрдүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга интеграцияланган жөндөмдүүлүгү;

**Компетенция** - бул адамдын белгилүү бир чөйрөдө, өзгөчө кесиптик ишмердүүлүктө, маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон билимдердин, жөндөмдөрдүн, көндүмдөрдүн жана жүрүм-турум ыкмаларынын жыйындысы;

**Мамлекеттик билим берүү стандарты -** окутуунун максаттарын жана натыйжаларын аныктоочу билим берүү программасынын минималдык мазмунун, билим берүүнүн деңгээлдери боюнча даярдоого базалык талаптарды аныктоочу формалдык билим берүүнүн талаптарынын коомдук макулдашылган жыйындысы;

**Негизги билим берүү программасы** – бул белгилүү бир багыт/профил/адистик боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүнүн мазмунун, көлөмүн, ишке ашыруу шарттарын жана жыйынтыктарын аныктаган ченемдик документтин жыйындысы;

**Окутуунун натыйжалары** - бул билим алуу процесси аяктагандан кийин студенттин эмнелерди билерин, түшүнөрүн жана иш жүзүндө аткара аларын аныктаган билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жана компетенциялардын жыйындысы;

**Ош мамлекеттик университетинин билим берүү стандарты** - университет тарабынан иштелип чыгып, окутуунун максаттарын жана натыйжаларын аныктоочу билим берүү программасынын минималдык мазмунун, билим берүүнүн деңгээлдери боюнча даярдоого базалык талаптарды аныктоочу формалдык билим берүүнүн талаптарынын макулдашылган жыйындысы;

**Профиль** – билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объектиси.

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.03.2021

# 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ош мамлекеттик университетинде “Негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, өзгөртүү жана ишке ашыруунун тартиби жөнүндө Жобо” (мындан ары - Жобо) жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуунун, бекитүүнүн, өзгөртүүнүн, окуу-методикалык камсыздоонун жана алардын бирдиктүү структурасын аныктайт.

1.2. Жобо КРнын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, квалификациялардын улуттук жана тармактык алкактарына, билим берүү стандарттарына, тиешелүү ченемдик укуктук актыларга, ОшМУнун Уставына жана локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

1.3. Университетте ишке ашырылып жаткан адистиктердин/багыттардын (профилдердин) НББПлары ушул Жободо белгиленген тартипте иштелип чыгат, бекитилет жана билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн тиешелүү болуп саналат.

1.4. Негизги билим берүү программасы – билим берүү уюмундагы окутуунун максаттарын, окутуу натыйжаларын, мазмунун жана билим берүү процессин уюштурууну жөнгө салып туруучу негизги документ.

1.5. НББПны иштеп чыгуунун максаты - Квалификациялардын улуттук системасына, Квалификациялардын улуттук жана тармактык алкактарына, кесиптик стандарттарга, билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келген адистерди даярдоо.

# 2-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАНЫ ИШТЕП ЧЫГУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ

2.1. НББПны иштеп чыгуу үчүн билим берүү стандарттары, кесиптик стандарттар Квалификациялардын улуттук жана тармактык алкактары, Квалификациялардын улуттук системасы жана КРнын билим берүү жаатындагы мыйзамдары негиз болуп саналат.

2.2. НББПны иштеп чыгуунун негизги принциптери:

- *НББП университеттин ички нормативдик актыларына ылайык иштелип чыгат;*
- *НББПнын максаттары (миссиясы) университеттин миссиясы жана өнүгүү стратегиясына багытталууга тийиш;*
- *билим берүү стандартындагы негизги компетенцияларды (окутуунун натыйжаларын) калыптандырууга багытталат;*
- *НББПнын негизги мазмунун түзгөн окутуунун натыйжалары, баалоо механизмдери ачык жана жеткиликтүү болуусу керек;*
- *НББП студенттин жеке окуу траекториясын камсыздоосу керек;*
- *окуу дисциплиналарынын мазмундары илимдин, техниканын жана технологиянын заманбап жетишкендиктерине, ошондой эле эмгек рыногунун жана иш берүүчүлөрдүн талаптарына шайкеш болууга тийиш;*
- *инсанга багытталган окутуунун принциптерин камсыздоо максатында дисциплиналар аралык интеграцияны, теория менен практиканын айкалышы эске алынат;*
- *НББП институттун/факультеттин/колледждин профессордук-окутуучулар жамаатынын, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн, иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыктар тараптардын катышуусунда иштелип чыгууга тийиш;*
- *окуу дисциплиналары жана элективдүү курстарына сунушталган дисциплиналар өз ара логикалык байланышта болуп, ырааттуулугу сакталууга тийиш.*

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.04.2021

## 3-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАН БЕКИТҮҮНҮН ТАРТИБИ

**3.1. Жаңы негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу**

3.1.1. Жаңы түзүлүүчү негизги билим берүү программасы факультеттин/институтуттун/ колледждин, бүтүрүүчү түзүмү (түзүмдөр) жана университеттин жетекчилиги тарабынан демилгеленет.

3.1.2. Жаңы түзүлүүчү негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу үчүн алгач демилгечи тарап жаңы багыттын/адистиктин эмгек рыногундагы актуалдуулугуна, суроо-талаптарга жана программаны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ресурстардын (кадрлар менен камсыздоо, материалдык-техникалык база) жеткиликтүүлүгүнө талдоо жүргүзөт.

3.1.3. Талдоонун жыйынтыктары факультеттин/институттун Окумуштуулар кеңешинде жана колледждин Педагогикалык кеңештеринде талкууланып, колдоого алынса, НББПнын долбоору иштелип чыгат.

**3.2. Негизги билим берүү программасын иштеп чыгуучуларга талаптар**

3.2.1. НББПны иштеп чыгуу үчүн ***атайын жумушчу топтун курамы*** аныкталат. Жумушчу топтун курамы тиешелүү бүтүрүүчү түзүмдүн (түзүмдөрдүн) профессордук-окутуучулар жамаатынан, ошондой эле иш берүүчүлөрдөн, бүтүрүүчүлөрдөн жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнөн түзүлөт.

3.2.2. Жумушчу топтун курамы 7 адамдан кем эмес болууга тийиш. Жумушчу топтун курамынын 2/3 бөлүгү бүтүрүүчү түзүмдүн (түзүмдөрдүн) профессордук-окутуучулук жамаатынан, 1/3 бөлүгү иш берүүчүлөрдөн жана бүтүрүүчүлөрдөн (ж.б.уюмдардын өкүлдөрүнөн) түзүлөт.

3.2.3. Жумушчу топтун курамы бүтүрүүчү түзүмдүн (түзүмдөрдүн) башчысы жана билим берүү программасынын программа жетекчиси тарабынан аныкталып, директор/декан менен макулдашылат. Жумушчу топтун курамы ректордун буйругу менен бекитилет.

3.2.4. НББПны иштеп чыгууга бүтүрүүчү түзүмдөн (түзүмдөрдөн) мүчө болгон жумушчу топтун курамы ушул Жобонун 6.4. пунктунда белгиленген милдеттерди аткарат жана билим берүү программасын өздөштүрүүнүн бир ченемдик окуу мөөнөтүндө иш алып барат *(бир ченемдик окуу мөөнөтү: орто кесиптик билим берүү үчүн 2-3 жыл, бакалавриат үчүн 4-5 жыл, магистратура 1,5,-2 же 2,5 жыл, специалитет үчүн 5-6 жыл)*.

3.2.5. Иш берүүчүлөрдөн жана бүтүрүүчүлөрдөн (ж.б.уюмдардын өкүлдөрүнөн) тартылган жумушчу топтун курамы ушул Жобонун 5.3. пунктундагы милдеттерге ылайык НББПны иштеп чыгууга гана катышат.

3.2.6. Жумушчу топтун ишмердигин программа жетекчиси уюштурат жана төрагалык/төрайымдык кылат.

**3.3. Негизги билим берүү программасын бекитүүнүн тартиби**

3.3.1. Жумушчу топ тарабынан иштелип чыккан НББПнын долбоору төмөнкү кадамдар менен бекитилет:

*1-кадам.* НББПнын долбоору жумушчу топтун жана тиешелүү бүтүрүүчү түзүмдүн (түзүмдөрдүн) профессордук-окутуучулук курамынын катышуусунда талкууланат, жактырылган НББП кийинки этапка сунушталат;

*2-кадам*. НББПнын долбоору факультеттин, институттун, жогорку мектептин окумуштуулар кеңешинин, колледждин педагогикалык кеңешинин талкуусуна коюлат, жактырылган долбоор университеттин Окуу-усулдук биримдигинин (мындан ары ОУБ) тармактык комитетине кароого сунушталат;

*3-кадам*. НББПнын долбоору ОУБдун тармактык комитетинде талкууланат,

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ Распоряжение ... №19-р/21 от ...05.2021

жактырылган НББП университеттин окуу иштери боюнча проректору тарабынан бекитилет.

3.3.2. Бекитилген НББП жыл сайын окуу процесси башталганга чейин факультеттин/институттун/жогорку мектептин/колледждин сайтына жайгаштырылат.

3.3.3. Бекитилген НББП билим берүү программасын өздөштүрүүнүн бир ченемдик окуу мөөнөтүнө иштейт *(бир ченемдик окуу мөөнөтү: орто кесиптик билим берүү үчүн 2-3 жыл, бакалавриат үчүн 4-5 жыл, магистратура 1,5,-2 же 2,5 жыл, специалитет үчүн 5-6 жыл)*.

## 4-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖАНА КАЙРАДАН БЕКИТҮҮНҮН ТАРТИБИ

4.1. НББП илимдин-техниканын, технологиялардын, экономиканын, социалдык чөйрөнүн өнүгүшү жана кызыкдар тараптардын сунуштарын эске алуу менен билим берүү программасын өздөштүрүүнүн бир ченемдик окуу мөөнөтү бүткөндө жаңыланат жана кайрадан бекитилет.

4.2. НББПны кайрадан бекитүү (толук жаңыртуу) ушул Жобонун 3.3. пунктунда белгиленген тартипте талкуудан, өткөрүлүп бекитилет..

4.3. НББПга өзгөртүү киргизүү эки түрдө болот: ***негизги өзгөртүү (толук жаңыртуу); жылдык өзгөртүү.***

4.4. Негизги өзгөртүүнүн (толук жаңыртуунун) негиздери (себептери) болуп төмөнкүлөр эсетелет:

- *Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги тарабынан жаңы ченемдик-укуктук, методикалык көрсөтмөлөр бекитилгенде;*
- *билим берүү стандарттары жаңыланганда;*
- *университеттин миссиясы жана стратегиялык максаты өзгөргөндө;*
- *НББПнын максаты жана окутуу натыйжалары өзгөрөргөндө:*
- *базалык бөлүктөгү (стандартта берилген) компетенциялардын 30% пайыздан көбү актуалдуулугун жоготкондо;*
- *окуу пландын базалык бөлүгүндөгү дисциплиналардын 30%дан көбүнүн кредиттеринин көлөмү өзгөргөндө;*
- *окутуу натыйжаларынын 30%дан көбү өзгөргөндө;*
- *жаңы профиль жана адистешүү киргизилгенде;*
- *окуу планынын жалпы структурасы жана мазмуну өзгөргөндө.*

***Эскертүү:*** *Жогорудагы компоненттердин бири өзгөргөн учурда, НББП негизги өзгөртүүгө (толук жаңыртууга) дуушар болот жана кайрадан бекитилет.*

4.5. **НББПга негизги өзгөртүү киргизүүнү (толук жаңыртуу) демилгелөө тартиби**

НББПга негизги өзгөртүү (толук жаңыртууга) киргизүүгө демилгечи болуп программа жетекчиси, факультет/ институт/ жогорку мектеп/ колледж, бүтүрүүчү түзүм (түзүмдөрү), тармактык комитеттер, координациялык кеңеш жана академиялык иштер боюнча жетекчилик, ж.б. эсептелет.

Демилгечи тарап НББПга негизги өзгөртүүлөрдү (толук жаңыртуу) киргизүү үчүн негиздеме (билдирүү) даярдайт жана негиздемеде төмөнкү маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш.

- *НББПда өзгөрүлө турган пункттар так көрсөтүлөт;*
- *өзгөртүүнүн себептери белгиленет;*
- *өзгөрүүлөрдүн билим берүүнүн сапатына, окутуу натыйжаларына жана окуу процессине тийгизген таасири жөнүндө маалыматтар жазылат.*

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

Кайрадан иштелип чыккан (толук жаңыртылган) НББП ушул Жобонун 3.3-пунктунда белгиленген тартипте талкуудан өткөрүлүп, бекитилет.

4.6. **НББПга жылдык өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби**

Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоону камсыздоо максатында илимдин, техниканын, технологиянын заманбап жетишкендиктерин, эмгек рыногунун талаптарын, экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү эске алуу менен НББПны жыл сайын толуктоого жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилет.

Программа жетекчиси НББПнын жылдык өзгөртүүлөрдү киийрүү боюнча бүтүрүүчү түзүмдүн (түзүмдөрдүн) отурумунда жана факультеттин/ институттун/ жогорку мектептин Окумуштуулар кенешинде жана колледждин Педагогикалык кеңешинде маалымат берет.

НББПнын тиркемесиндеги *(8.2. пунктта көрсөтүлгөн НББПны документациялык камсыздоо боюнча иш кагаздары)* жылына өзгөрүүгө дуушар болгон иш кагаздары кафедранын/ бөлүмдүн/ ПЦКнын отурумунда талкууланып, факультеттин/ институттун/ жогорку мектептин Окумуштуулар кенешинин жана колледждин Педагогикалык кеңешинин чечими менен күчүнө кирет.

НББПга жылдык өзгөртүүлөрдү (толуктоолорду) киргизүүнүн негиздери (себептери) болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- *НББПнын мазмунуна терминдерди кошуу, тексттик тактоолорду киргизүү;*
- *илимдин-техниканын, технологиянын жаңыланууларынын негизинде кызыкдар тараптардын сунуштары жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык кошумча компетенциялар кошулганда;*
- *дисциплиналардын окуу-усулдук комплекстеринин (силлабустарын) толукталышы, темаларга өзгөртүүлөрдүн киргизилиши;*
- *дисциплиналардын баалоо каражаттар фондунун толукталышы;*
- *дисциплиналардын жана компетенциялардын матрицасынын өзгөрүүсү;*
- *элективдүү (тандоо) курстардын жана алардын эмгек сыйымдуулугунун (кредиттеринин) өзгөрүүсү;*
- *практикалардын программаларынын өзгөрүүсү;*
- *академиялык календардын өзгөрүүсү;*
- *түзүмдөрдүн ички мониторингинин жыйынтыктарынын негизинде сунуштарын киргизүү;*
- *аккредитациянын жыйынтыгында НББПнын айрым компоненттерин жаңыртууга сунуштар берилгенде;*
- *профессордук-окутуучулук курам, материалдык-техникалык база, окуу-усулдук материалдар боюнча өзгөрүүлөр болгондо.*

НББПга киргизилген өзгөртүүлөр боюнча маалыматтарды окутуучуларга, студенттерге жана башка кызыкдар тараптарга өз учурунда жеткирүү жана сайтка жайгаштыруу тиешелүү бүтүрүүчү түзүмгө (түзүмдөргө) милдеттендирилет.

## 5-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ПРОГРАММА ЖЕТЕКЧИСИН ДАЙЫНДОО

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

5.1. Университетте ишке ашырылып жаткан ар бир билим берүү програмасына бүтүрүүчү түзүмдөн (түзүмдөрдөн) программа жетекчиси дайындалат.

5.2. ББПнын программа жетекчиси тиешелүү бүтүрүүчү түзүмдүн (түзүмдөрдүн) чечими менен сунушталат. Сунушталган талапкерди дайындоо үчүн директор/декан

тарабынан ректорго билдирүү берилет жана билдирүүгө талапкердин арызы тиркел ББПнын программа жетекчиси ректордун буйругу менен дайындалат.

5.3. ББПнын программа жетекчиси алмашкан учурда жаңы программа жетекчиси ушул Жобонун 5.2. пунктунда белгиленген тартипке ылайык дайындалат.

5.4. ББПнын программа жетекчиси алмашкан учурда НББПны жана ага тиешелүү иш кагаздарды жаңы дайындалган программа жетекчисине акт менен милдетүү түрдө өткөрүп берет.

5.5. НББПга тиешелүү иш кагаздарды өткөрүп берүү үчүн атайын комиссия түзүлөт. Иш кагаздарды өткөрүп берүү боюнча комиссиянын курамын директор/декан аныктайт жана ички тескеме чыгарат.

## 6-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ПРОГРАММА ЖЕТЕКЧИСИНИН, ЖУМУШЧУ ТОПТУН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ

**6.1. НББПны иштеп чыгуу жана аны ишке ашырууда программа жетекчисинин негизги милдеттери:**

- НББПны иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтун курамын аныктайт жана жумушчу топко жетекчилик кылат;
- НББПны иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча иштерге жетекчилик кылат;
- НББПга негизги өзгөртүү (толук жаңыртуу) жана жылдык өзөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүүгө жетекчилик кылат;
- НББПны иштеп чыгууда билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышын камсыз кылат;
- окутуунун натыйжаларынын мазмунун Квалификациялардын улуттук жана тармактык алкактарга шайкеш келүүсүн камсыз кылат;
- билим берүүнүн сапатын камсыздоо үчүн мониторинг жүргүзүүнү уюштурат;
- иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр жана башка кызыкдар тараптар менен НББПны талкуулоону уюштурат;
- кызыкдар тараптардын сунуштарын, эмгек рыногунун талаптарын жана илимдин-техниканын жетишкендиктерин НББПнын мазмунуна кийирүү боюнча иштерди уюштурат;
- окуу планындагы дисциплиналардын семестрлер боюнча ырааттуулугун көзөмөлдөйт;
- НББПнын окутуу натыйжаларына жана матрицаларга дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстеринин (силлабустарынын) дал келүүсүн текшерет жана окуу процессинде колдонууга макулдугун берет;
- жумушчу топтун жыйындарын уюштурат жана анын ишмердүүлүгүн жөнгө салат;
- жумушчу топтун ишмердүүлүгүн уюштурууда анын мүчөлөрүнүн функцияларын бөлүштүрөт;
- түзүмдүн билим берүү сапатын камсыздоого жана аккредитация процессине катышат.

**6.2. Программа жетекчиси төмөндөгү укуктарга ээ:**

- жумушчу топтун курамын түзүү үчүн сунуш бере алат;
- НББПны өркүндөтүү, негизги өзгөртүү (толук жаңыртуу) жана жылдык өзөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүүгө;
- НББПны жакшыртуу үчүн кызыкдар тараптар менен иш алып барууга;
- окуу-методикалык комплекстерди (силлабустарды) НББПнын окутуу натыйжаларына жана матрицаларга дал келүүсү боюнча текшерүүгө (көзөмөлдөөгө) жана макулдашууга;

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от ...2021

- ННБПга мониторинг жүргүзүү *(базалык, элективдүү дисциплиналардын ж алардын эмгек сыйымдуулугунун (кредиттердин) актуалдуулугу, дисциплиналардын мазмунуна илимдин-техниканын жетишкендиктерин кийирүү боюнча талдоо жүргүзүү, студенттерден, иш берүүчүлөрдөн, ж.б кызыкдар тараптан билим берүүгө канааттангандыгы боюнча сурамжылоо (анкетирлөө) жүргүзүү)*;
- ННБПга мониторинг жүргүзүүдө кафедра/бөлүм/ПЦКнын окутуучуларынан окуу-методикалык комплекстерди (силлабустарды), нормативдик документтерди жана башка иш кагаздарды талап кылууга;
- факультеттин/институттун/колледждин жетекчилигине жана кафедра/бөлүм/ПЦКнын башчыларына ННБПны өркүндөтүү боюнча сунуштарды берүүгө;
- ББПга тиешелүү маселелер боюнча жыйындарга жана комиссияларга катышууга;
- ББПнын сапатын жогорулатууга багытталган демилгелерди көтөрүү.

**6.3. ННБПны иштеп чыгуу жана аны ишке ашырууда бүтүрүүчү түзүмдөн мүчө болгон жумушчу топтун милдеттери:**

- жумушчу топтун курамына бекитилген милдеттер боюнча иш алып барат;
- эмгек рыногунун талаптарын эске алып, иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр жана башка кызыкдар тараптар менен ННБПны талкуулоого катышат;
- ННБПга толуктоо жана өзөртүүлөрдү киргизүү боюнча жыйындырга катышат жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоого көмөктөшөт;
- ННБП боюнча мониторинг жүргүзүүгө жана жыйынтыктарын талдоого катышат;
- аккредитациялоо, лицензиялоо жана билим берүү сапатын камсыздоо процесстерине тиешелүү материалдарды даярдоого көмөктөшөт;
- ННБПга киргизилген өзгөртүүлөрдү негиздөөгө жана документтештирүүгө катышат.

**6.4. ННБПны иштеп чыгуу жана аны ишке ашырууда бүтүрүүчү түзүмдөн мүчө болгон жумушчу топтун укуктары:**

- ННБПга толуктоолорду жана өзөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуш берүүгө;
- ННБП боюнча мониторингдерди жүргүзүүгө;
- аккредитациялоо, лицензиялоо жана билим берүү сапатын камсыздоо процесстерине катышууга;
- ННБПга өзгөртүүлөрдү демилгелөө, анын ишке ашырылышын талдоо жана билим берүү программасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- ННБПга мониторинг жүргүзүүдө кафедра/бөлүм/ПЦКнын окутуучуларынан окуу-методикалык комплекстерди (силлабустарды), нормативдик документтерди жана башка иш кагаздарды талап кылууга укуктуу.

**6.5. ННБПны иштеп чыгууга иш берүүчүлөрдөн, бүтүрүүчүлөрдөн жана башка уюмдардан мүчө болгон жумушчу топтун курамынын милдеттери жана укуктары**

**Милдеттери:** ННБПны иштеп чыгууга катышат (практикалардын программаларын, компетенциялардын (дисциплиналардын) жана окутуунун натыйжаларынын иштеп чыгууга катышат жана сунуштарды берет).

**Укуктары:** ННБПнын максатын жана окутуунун натыйжаларын талдоого катышуу; ННБПнын эмгек рыногунун талаптарына шайкештиги, практикалардын (стажировкалардын) программаларынын, компетенциялардын жана дисциплиналардын актуалдуулугу боюнча сунуштарды берүү.

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

## 7-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ

7.1. НББПнын максаттарына жана окутуу натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылуу билим берүү программасына мониторинг жүргүзүлөт жана мезгил-мезгили менен бааланат. Мониторингдин жана мезгил-мезгили менен баалоонун жыйынтыктары НББПнын натыйжалуулугун жана мазмунун жакшыртууга шарт түзөт.

7.2. Мониторинг жүргүзүүдө бардык кызыкдар тараптардан сурамжылоо жүргүзүлөт.

7.3. Мониторинг төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- *НББПнын билим берүү стандарттына жана ченемдик укуктук актыларга шайкештиги;*
- *билим алуучулардын окутуу натыйжаларына жетишүү деңгээли;*
- *студенттердин окуу жүгү, окуудагы жетишкендиктери жана бүтүрүүлөрү (аяктоосу);*
- *ББПга окутуучулардын, иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин күтүүлөрүнө жана канаатануусу;*
- *ББПнын окуу адабияттары жана методикалык материалдар менен камсыздалышы;*
- *ББПны кадрдык камсыздоонун абалы;*
- *базалык дисциплиналардын жана алардын эмгек сыйымдуулугунун (кредиттин көлөмүнүн) актуалдуулугу;*
- *элективдүү (тандоо) курстарынын жана алардын эмгек сыйымдуулугунун (кредиттин көлөмүнүн) актуалдуулугу;*
- *илимдин-техниканын жана технологиянын жетишкендиктерин (камтуу) билим берүүгө кийирүү;*
- *эмгек рыногунун талаптарын жана жумуш берүүчүлөрдүн талаптарын талдоо.*

7.3. Мониторингдин жана мезгилдүү баалоонун жыйынтыктары тиешелүү түзүмдөрдүн отурумдарында *(факультеттердин/ институттардын Окумуштуулар кенешинде, колледждердин Педагогикалык кеңешмелеринде жана кафедранын, бөлүмдүн, ПЦКнын отурумдарында)* талкууланат жана берилген сунуштарды НББПнын мазмунуна, окуу процессине киргизүү боюнча иштер жүргүзүлөт.

## 8-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН СТРУКТУРАСЫ ЖАНА ДОКУМЕНТАЦИЯЛЫК КАМСЫЗДОО

**8.1. НББПнын негизги структурасы (мазмуну):**

- НББПнын паспорту;
- НББПнын максаты (максаттары,миссиясы);
- НББПнын окутуу натыйжалары;
- НББПнын максаттары менен окутуу натыйжаларынын шайкештиги (матрицасы);
- окутуу натыйжалары, компетенциялардын жана дисциплиналардын шайкештиги (матрицасы);
- компетенциялар менен дисциплиналардын шайкештиги (матрицасы);
- НББПнын окутуу натыйжаларын баалоо критерийлери;
- эмгек рыногу жана негизги кызматташкан уюмдар/ишканалар;
- эмгек рыногунда багытка/адистикке болгон суроо-талаптар боюнча талдоо (жаңы ачылып жаткан багыт (профиль)/адистик үчүн);
- билим берүү чөйрөсүндө НББПнын артыкчылыктары жана өзгөчөлүктөрү

**8.2. НББПны документациялык камсыздоо (НББПнын тиркемелери):**

- НББПнын кадрлар менен камсыздалышы жөнүндө маалымат;
- НББПны ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык база жөнүндө маалымат;
- Базалык (эксперименталдык) окуу план;
- Семестрдик окуу план (санариптик платформадан алынат);
- Академиялык календарь;

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ Распоряжение ОсОО №19-р/21 от 12.05.2021

- Окуу дисциплиналарынын аннотациялары;
- Практикалардын аннотациялары/программалары;
- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программасы;
- Окутуу натыйжалары үчүн баалоо каражаттары жана методикалык материалдар.

**Эскертүү**: 8.2. пунктундагы *НББПны документациялык камсыздоого тиешелүү иш кагаздары НБППнын тиркемеси катары тиркелет.*

## 9-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ИШМЕРДИГИН ТОКТОТУУ

**9.1. ББПнын ишмердигин токтотуунун негизги себептери болуп төмөндөгү учурлар эсептелет:**

- билим берүү багытына/адистикке 2 жыл бою абитуриенттердин кабыл алынбай калышы же кескин азайышы;
- 2 жолу ички мониторингдин жана аккредитациянын терс жыйынтыктары;
- билим берүү ишмердүүлүгүндө тиешелүү ченемдик укуктук талаптарга дал келбөөчүлүк, кадрдык жана ресурстук шарттардын жетишсиздиги;
- программалардын кайталанышы (мазмуну окшош же атаандаштыкка жөндөмдүү башка программалардын болушу);
- университеттин стратегиялык өзгөрүүлөрү (ББПны оптималдаштыруу, артыкчылыктуу багыттарга өтүү жана өзгөртүү).

**9.2. Билим берүү программасынын ишмердигин токтотуу**

9.2.1. Билим берүү программасынын ишмердигин токтотуу боюнча демилге кафедра, бөлүм, ПЦК жана факультет/институт/ жогору мектеп/ колледж, тармактык комитет, Координациялык кеңеш, академиялык башкармалык тарабынан болуусу мүмкүн.

9.2.2. Демилгечи тарап ББПнын ишмердигин токтотуу боюнча тиешелүү структуранын окумушутуулар/педагогикалык кеңешинде кароо үчүн негиздеме берет. Негиздеме студенттердин контингентинин абалы, кадрдык курамдын, материалдык ресурстар (ж,б.) жөнүндө маалыматтарды камтышы керек.

9.2.3. Тиешелүү структуранын окумушутуулар/педагогикалык кеңешинин чечимине ылайык ББПнын ишмердигин толук токтотуу же кабыл алууну убактылуу токтотуу боюнча ректорго билдирүү берилет жана ректордун буйругу менен ББПнын ишмердиги толук же убактылуу токтотулат.

9.2.4. НББПны жабуу же ишмердигин токтотуу боюнча маалымат бардык кызыкдар тараптарга жеткирилет.

9.2.3. Ишмердиги токтотулган ББПда окуп жаткан студенттер болсо, аларга окууну аяктоого шарт түзүү, тектеш программаларга которуу, жеке окуу пландарын түзүү, ж.б. боюнча иш-чараларды тиешелүү структура жетекчилери камсыздайт.

9.2.5. Ишмердиги токтотулган ББПнын иш кагаздарын архивдештирүү программа жетекчисине милдеттендирилет.

документ ПОДПИСАН электронной подписью

## 10-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, ӨЗГӨРТҮҮ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨГҮ УШУЛ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮНҮН, ӨЗГӨРТҮҮНҮН ЖАНА ЖОККО ЧЫГАРУУНУН ТАРТИБИ

10.1. НББПны иштеп иштеп чыгуу жөнүндөгү ушул Жобо университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан талкууланып, жактырылып чечим кабыл алынат жана ректордун буйругу менен бекитилет. Зарылдыкка жараша ушул Жобого өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү же Жобону толугу менен жокко чыгаруу университеттин Окумуштуулар кеңешинде талкууланып чечим чыгарылат жана ректордун буйругу менен тастыкталат.

## 11-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨ

*1)* НББПнын *титулдук баракчасы* 1-тиркемеге ылайык жасалат *(1-тиркеме).*

2) НББПнын *макулдашуу баракчасы*: НББПны иштеп чыккан жумушчу топтун курамы жана кол тамгалары, НББП талкуулаган токтом номерлери, күнү жана түзүмдүн жетекчисинин кол тамгасы коюлат*(2-тиркеме).*

**НББПнын негизги структурасы.**

**1)** НББПнын паспорту *3-тиркемеге* ылайык жазылат.

**2) НББПнын жалпы жобосу.** Бул бөлүмгө НББПны иштеп чыгуунун негиздери (иштеп чыгууда колдонулган (негиз болгон) ченемидик укуктук актылар жөнүндө, ж.б.), кимдер тарбынан иштелип чыккан, НББП кимдер үчүн арналган, НББП кимдер тарабынан талкуулангандыгы жөнүндө малыматтар жазылат**.**

**3) НББПнын максаттарын иштеп чыгуу боюнча көрсөтмөлөр.** НББПнын максаттары пограмманынын багытын, кайсыл деңгээлдеги (ОКБ, бакалавриат, магистратура) адисти даярдай турганын, окутуунун артыкчылыктуу багыттарын, университеттин миссиясы жана стратегиялык өнүгүү багыттары, эмгек рыногунун жана билим берүү стандарттарынын талаптарын аныктайт.

**<u>НББПнын максатарын түзүүдө </u>төмөдөгү негиздерди эске алуу менен иштелип чыгышы керек:**

- *билим берүүгө тиешелүү ченемдик укуктук актылар, билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу, белгиленген квалификациялык талаптарга шайкеш келиши жана стандарттарда көрсөтүлгөн компетенциялар камтылууга тийиш;*
- *университеттин миссиясы жана өнүгүү стратегиясы - университеттин артыкчылыктуу багыттары (регионду өнүктүрүү, инновациялар, эл аралык кызматташтык,ж.б.) эске алынат;*
- *НББПнын максаттары билим берүү стандартындагы көрсөтүлгөн максаттарды эске алуу менен түзүлөт;*
- *эмгек рыногунун муктаждыктарын талдоо:иш берүүчүлөргө зарыл адистерди аныктоо, адисти даярдоодогу зарыл компетенцияларды, көндүмдөрдү талдоо;*
- *билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө таянуу: даярдоо профили/адистиги, билим берүүнүн деңгээли (орто кесиптик билим берүү, бакалавриат, магистратура) жана профилдин/адистиктин өзгөчөлүктөрү эске алынышы керек;*
- *алдыңкы университеттердин билим берүү программаларын талдоо (бенчмаркинг);*
- *программанын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруу үчүн сапатты жогорулатууну, эл аралык деңгээлге чыгууну, инклюзивдүүлүктү, санариптештирүүнү эске алуу керек.*

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от ...2021

**4) НББПнын окутуунун натыйжаларын иштеп чыгуу.**

***Окутуу натыйжалары* (ОН)** НББПнын концептуалдык өзөгүн түзөт жана программаны долбоорлоонун, ишке ашыруунун жана баалоонун негизги таянычы болуп

саналат.

***Окутуу натыйжалары*** билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыгында бүтүрүүчү ***эмнени билерин, эмнени жасай аларын, кандай жоопкерчилик жана өз алдынчалык деңгээлине ээ болорун*** сүрөттөгөн, так өлчөнүүчү көрсөткүч болуп эсептелет.

***Окутуу натыйжалары*** компетенциялардын, НББПнын максатынын, университеттин миссиясы жана өнүгүү стратегиясынын, квалификациялык улуттук жана тармактык алкактардын, кесиптик стандарттын (бар болсо), иш берүүчүлөрдүн жана эмгек рыногунун талаптарынын негизинде иштелип чыгат.

***Окутуу натыйжалары*** төмөнкү критерийлерге жооп берүүсү керек: баалоого мүмкүнбү; компетенцияларга дал келеби; реалдуубу жана жетүү мүмүкүнбү; билим берүү деңгээлине (ОКББ, бакалавриат, магистр деңгээлине) ылайык келеби, билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкешпи, ж.б..

***Окутуу натыйжаларын иштеп чыгууда төмөнкү принциптер сакталууга тийиш:***

- *тактык жана өлчөнүүчүлүк:* окутуу натыйжаларын текшерүүгө жана баалоого мүмкүн болушу керек.
- *студентке багытталуусу:* окутуу натыйжалары окутуучунун ишин эмес, студенттин жетишкендигин чагылдыршы керек.
- *иш берүүчүлөрдүн талаптарына шайкештик:* окутуу натыйжалары бүтүрүүчүнүн практикалык даярдыгын камсыздоого тийиш;
- *вертикалдык жана горизонталдык шайкештик:* окутуу натыйжалары бирин-бири кайталабаган, логикалык ырааттуулукта мазмундук жана деңгээлдик байланышта болушу керек.

**Окутуу натыйжаларын** туура аныктап жазуу үчүн (түзүү үчүн) активдүү иш-аракетти билдирген этиштер (конкреттүү бир кыймыл-аракетти жана жыйынтыкты чагылдырган этиш) колдонулушу керек.

**! Окутуу натыйжаларын иштеп чыгууда этиштердин туура колдонулушу**

❌ *«Түшүнүккө ээ болот», «тааныш болот», маанисин түшүнөт», «маанилүүлүгүн аңдайт»* деген этиштерди колдонуу туура эмес болуп эсептелет (анткени бул этиштер конкреттүү окутуунун натыйжаларын билдирбейт).

✅ *«Негиздейт», «колдонот», «талдайт» «чечим кабыл алат», «иштеп чыгат», «баалоого жөндөмдүү», «долбоорлойт»,* ж.б. ушул сыяктуу этиштерди пайдалануу туура болуп эсептелет.

**! Окутуу натыйжаларын түзүүнүн модели:**

***Ишмердүүлүктүн объектиси + кайсы шартта/кандай контекстте + иш аракетти билдирген этиш***

**Мисалы:**

***Каржы агымдарын, акчанын айлануу механизмдерин жана кредиттик мамилелерди + рыноктук экономика шартында + талдоого жөндөмдүү.***

Документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19 от 12.05.2021

Бир билим берүү программасы үчүн окутуу натыйжаларынын (ОН) оптималдуу саны 8-15ге чейин түзүлөт. **(ОН-1, ОН -2…. ОН -15),**

**Бир окутуу натыйжасы** бир же бир нече компетенциялардын жыйындысын

чагылдырат. **Мисалы:**

**ОН -1** = ЖК-1

**ОН-2** = ЖК-2:

**ОН -3** = ЖК-3…,

**ОН -5** = ЖК-1+ЖКК-5+ КК-1+КК-7

**ОН-6 =** КК -6 + КК-8 + КК-9 + КК-10**...**

Дисциплиналардын окутуу натыйжалары **(ДОН)** жана ар бир теманын окутуу натыйжасы **(ТОН)** окуу-методикалык комплексте (силлабуста) аныкталат.

**5) Кошумча компетенцияларды иштеп чыгуунун зарылдыгы жана аны иштеп чыгуу боюнча методикалык көрсөтмө**

Билим берүү стандартында аныкталган компетенциялар билим берүү программасынын минималдуу талаптарын белгилейт.

Коомдогу эмгек рыногунун талаптарынын өзгөрүүсү жана тармактардын өнүгүүсү менен айрым компетенциялардын актуалдуулугу төмөндөп, адисти даярдоонун сапатын толук камсыз кылууга жетишсиз болушу мүмкүн.

Мындай учурларда бүтүрүүчү түзүм (түзүмдөр) тарабынан билим берүү программасынын максаттарына жана окутуу натыйжаларына ылайык кошумча компетенцияларды иштеп чыгууга жана киргизүүгө уруксат берилет.

**Кошумча компетенцияларды иштеп чыгуунун негиздери:**

- эмгек рыногунун актуалдуу талаптары: *жумуш берүүчүлөр тарабынан илимий-инновациялык, технологиялык жана практикалык көндүмдөрдүн талап кылынышы;*

- профилдин өзгөчөлүгү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу: *багыттын (профилдин)/адистиктин кесиптик өзгөчөлүгүнүн билим берүү стандарттында толук чагылдырылбай калуусу, окутуу натыйжаларын тереңдетүү, программанын уникалдуулугун түзүү;*

- эл аралык тажрыйба, атаандаштыкка жөндөмдүүлүк, биргелешкен программаларды ишке ашыруу: *эл аралык билим берүү программаларына шайкеш келтирүү, академиялык мобилдүүлүк жана дипломдун таанылышын камсыз кылуу, бүтүрүүчүнүн атаандаштык артыкчылыгын күчөтүү*.

**6) НББПнын максаттары жана окутуу натыйжаларынын шайкештиги (матрицасы).** НББПнын максаттары жана окутуу натыйжаларынын өз ара байланыш боюнча матрицасында окутуу натыйжалары кайсы максаттарга жетүүгө багытталганын көрсөтөт. Матрица *4-тиркемеге ылайык түзүлөт.*

**7) НББПнын окутуу натыйжаларынын, компетенциялардын жана дисциплиналардын шайкештиги (матрицасы).** Мында НББПнын окутуу натыйжаларына кайсы компетенция камтылгандыгын жана ал компетенциялар кайсы дисциплиналарда калыптана тургандыгын көрсөтөт *(№5-тиркеме).*

**8) НББПнын дисциплиналарынын жана компетенцияларынын шайкештиги (матрицасы).** Матрицада окуу планындагы бардык дисциплиналар, практикалар жана мамлекеттик аттестациялоонун түрлөрү менен компетенциялардын шайкештиги көрсөтүлөт. Компетенциялардын шайкештиги дэңгээл менен көрсөтүлүүгө тийиш, алар *"Ж"-жогорку таасир", "О"- орто таасир" жана "Т"- төмөн таасир"* деп белгиленет. *(№6-тиркеме).*

**9) Окутуу натыйжаларына жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо критерийлери.** Бул бөлүмдө окутуу натыйжаларынын ар бирине баалоо каражаттары жана критерийлери, баалоонун фомалары көрсөтүлөт *(№7-тиркеме).*

**10) Эмгек рыногу жана негизги кызматташкан уюмдар/ишканалар.** Бул бөлүмгө төмөндөгү маалыматтар жазылышы керек *(№8-тиркеме)*:

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от

- *эмгек рыногунун мүнөздөмөсү* – адистикке болгон суроо-талаптар, бүтүрүүчүлөр иштей ала турган тармактар, аймактык (улуттук/регионалдык) эмгек рыногунун өзгөчөлүктөрү, иш берүүчүлөрдүн талаптары (иш берүүчүлөрдүн илимий буюртмалары) жөнүндө маалымат;
- *негизги кызматташкан мекеме-уюмдар/ишканалар* – мамлекеттик жана жеке сектордогу өнөктөш уюмдардын тизмеси, практика, стажировка, экскурсияларды өткөрүүчү базалар, бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууга көмөктөшкөн мекеме/ уюмдар/ишканалар жөнүндө маалымат;
- *кызматташуунун формалары* – өндүрүштүк практика, дуалдык окутуунун элементтери, биргелешкен долбоорлор, иш берүүчүлөрдүн окуу процессине катышуусу, ж.б. жөнүндө маалымат.

**11) Эмгек рыногунда ушул адистикке болгон суроо-талаптар боюнча талдоо (жаны ачылып жаткан багыт (профил)/адистик үчүн).** Сунушталып жаткан жаңы багыттын/адистиктин эмгек рыногундагы актуалдуулугу, адистикке болгон суроо-талап жөнүндө маалыматтар жазылат. *Мисалы,* “Учурда өлкөдө эмгек рыногунда социалдык-экономикалык өнүгүү, санариптештирүү, өндүрүш жана кызмат көрсөтүү тармактарынын кеңейишине байланыштуу “Медиалингвистика” багытында квалификациялуу кадрларга болгон муктаждык өсүүдө. Ошол себептен рыноктун талаптарына жооп берген адистерди даярдоого зарылдыгы келип чыкты” деген сыяктуу негиздеме жазылышы керек.

**12) Билим берүү чөйрөсүндөгү НББПнын артыкчылыктары жана өзгөчөлүктөрү (уникалдуулугу).** Мында НББПнын атаандаштардан айырмалоочу артыкчылыктуу жактары (өзгөчөлүгү), рынокко ылайыкташуу деңгээли негиздүү жана далилдүү түрдө көрсөтүлөт, мындай маалымат аккредитацияда (академиялык репутациянын жогорулугун көрсөтөт) жана НББПны бекитүүдө өзгөчө маанилүү. Билим берүү чөйрөсүндөгү НББПнын артыкчылыктары жана өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматта төмөндөгү багыттар камтылышы мүмкүн:

- *аймактык, улуттук жана эл аралык эмгек рыногунун муктаждыктарына шайкеш багытталуусу* - НББПнын башка ЖОЖдордогу программалардан айырмаланган өзгөчөлүктөрү, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө багытталган мазмуну;
- *эмгек рыногуна багытталуусу* – иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен иштелип чыккан же кошумча иштелип чыккан компетенциялар (дисциплиналар), студентке жана практикага багытталган окутуу, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жана динамикасы;
- *заманбап компетенцияларга багытталуусу* – **STEAM** билим берүү, **soft skills** көндүмдөрү, санариптик көндүмдөр, аналитикалык ой жүгүртүү, инновациялык жана долбоордук ишмердүүлүккө даярдоо өзгөчөлүктөрү;
- *академиялык мобилдүүлүк* – ички жана тышкы академиялык мобилдүүлүк боюнча мүмкүнчүлүктөр, кош квалификация жана кош диплом алуу перспективалары;
- *илимий-изилдөө жана инновациялык компонент* – студенттердин илимий-изилдөө иштерине тартылышы, университеттин илимий борборлорунун мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу, стартап, инкубация, инновациялык долбоорлорго катышуу мүмкүнчүлүктөрү;
- *ийкемдүүлүк жана жеке траектория* – тандоо дисциплиналарынын кеңири спектри, студенттин жеке траекториясын түзүү мүмкүнчүлүгү, кошумча микроквалификацияларды алуу шарттары;
- *социалдык жеткиликтүүлүк жана колдоо боюнча өзгөчөлүктөр* – келишимдик акыга жеңилдиктер, социалдык жактан аярлуу категориядагы студенттерге колдоо, алыскы аймактан келген абитуриенттер үчүн жеңилдиктер жана социалдык шарттардын болуусу.

ПОДПИСАН
Документ подписан электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р от 12.05.2024

**13) Билим берүү программасынын кадрлар менен камсыздалышы жөнүндө маалымат.** Мында НББПны ишке ашырууга тартылган профессордук-окутуучулук курамдын *сандык* жана *сапаттык* курамы, алардын квалификациясы, иш тажрыйбасы, лицензиялык жана билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкештиги чагылдырылат. Ошондой эле негизги штаттагы жана айкалыштырып (ички, сыркы) эмгектенген окутуучулардын үлүшү, чет өлкөдөн жана өндүрүштөн тартылган кадрлардын курамы жөнүндө маалыматтар таблица иретинде берилиши керек *(№9-тиркеме).*

**14) НББПны ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык база жөнүндө маалымат.** Мында НББПны ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык база жана шарттардын түзүлүшү, билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкештиги жөнүндө маалымат жазылат, ал төмөнкү негизги багыттарды камтышы керек:

- *окуу имараттары жана аудиториялык фонд* – лекциялык, практикалык жана семинардык аудиториялардын саны, мультимедиалык жабдуулар, ББПга ылайык адистештирилген лабораториялар жана кабинеттер менен камсыздалышы. Компьютер менен камсыз болуусу жана санариптик инфраструктуранын жеткиликтүүлүгү жөнүндө маалыматтар;
- *илимий-изилдөөгө түзүлгөн шарттар* – илимий лабораториялар (ХАБдар), клиникалар, борборлор, жана башка ресурстар жөнүндө маалыматтар;
- *социалдык-тиричилик шарттары* – жатакана менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү, спорт залдары (аянт), медициналык пункттар, инклюзивдүү билим берүү үчүн шарттар (пандустар, лифттер, атайын жабдуулар);
- *китепкана, окуу адабияттар жана маалыматтык ресурстар* – НББП боюнча милдеттүү (негизги), кошумча окуу-методикалык адабияттардын жана электрондук адабияттар жөнүндө маалыматтар **(*10-тиркеме*).**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

*1-тир*

**Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**
**Ош мамлекеттик университети**
**........................институту/факультети/колледжи**
**...................... Кафедрасы/бөлүмү/ ПЦК**

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун окуу иштери боюнча
проректору
___________________________________
“_______”__________________20____-ж

Билим берүү багыты:...............................
Профиль/ адистик:..................................
Квалификациясы:....................................

**ОШ-20___**

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**Билим берүү программасын иштеп чыгуучулар:**

Бүтүрүүчү структурадан

1. *(Аты-жөнү, кафедра/бөлүм/ПЦКнын аталышы,кызматы)*
2.
3.

Иш берүүчүлөрдөн, бүтүрүүчүлөрдөн

1. *(Аты-жөнү, иштеген жери жана кызматы)*
2.
3.

**Билим берүү программасы төмөндөгү талкуулардан өткөрүлдү:**

________________________кафедрасынын/бөлүмдүн/ПЦКнын кеңешинде талкууланды.
№___Токтом. "____" __________20___ж.

Кафедра /бөлүм /ПЦК башчысы ______________________________________

*Колу, аты-жөнү*

________________факультеттинин/институттун Окумуштуулар кеңешинде талкууланды.
№___ Токтом. "____" __________20___ж.

Декан/директор: ______________________________________

*Колу, аты-жөнү*

_________________________________________________________тармактык комитетинин отурумунда талкууланды.
№___ Токтом. "____" __________20___ж.

Комитеттин төрагасы/төрайымы________________________

*Колу, аты-жөнү*

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

*3-тир*

**Билим берүү программасынын паспорту**

| | **Мүнөздөмө** | **Маалыматтар** |
|---|---|---|
| 1. | Билим берүү программасынын шифри жана аталышы | |
| 2. | Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу (кредит) | |
| 3. | Окуу мөөнөтү | |
| 4. | Окутуунун формасы | |
| 5. | Абитуриенттерге талаптар | |
| 6. | Окутуу тили (тилдери) | |
| 7. | Ыйгарылуучу даража (квалификация) | |
| 8. | Квалификациялардын улуттук рамкасы боюнча деңгээли | |
| 9. | ББПнын артыкчылыктары | |
| 10. | Аккредитация боюнча маалымат | Бул жерге аккредитациядан өткөргөн уюмдун аталышы, сертификаттын номери, берилген күнү жана аяктоо мөөнөтү жазылат. |
| 11. | Бүтүрүүчүнүн квалификациялык мүнөздөмөсү:<br>- *бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн багыттары;*<br>- *бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери;*<br>- *бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү.* | |

*4-тиркеме*

**НББПнын максаттары менен окутуу натыйжаларынын шайкештиги (матрицасы)**

| **НББПнын максаттары** | **НББПнын окутуу натыйжалары** | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ОН-1 | ОН-2 | ОН-3 | ОН-4 | ОН-5 | ОН-6 | ОН-7 | ОН-8 | ... |
| 1-максаттын мазмуну жазылат. | + | + | | | | | | | |
| 2- максаттын мазмуну жазылат. | | | + | + | | | | | |
| 3- максаттын мазмуну жазылат. | | | | | | | + | + | |

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

*5-тиркеме*

5. **НББПнын окутуу натыйжалары, компетенциялар жана дисциплиналардын шайкештиги (матрицасы)**

| **1-цикл. Жалпы билим берүү цикли** | | | |
|---|---|---|---|
| **НББПнын окутуу натыйжалары** | **Компетенциялар** | **Дисциплиналар** | **Кредит** |
| **ОН-1.** Үч тилде баарлашат: кыргыз жана орус тилдеринде В2 деңгээлинде, чет тилдердин биринде В1 деңгээлинде кесиптик чөйрөдө кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөт. | **ЖК-1.** Эл алдында баяндама жасайт; өз кебинин стилин, түрүн тандайт жана аны баяндайт; өз пикирин жазма жана оозеки формада туура, так билдирет жана далилдейт; изилдөөнүн жыйынтыктарын кесиптик чөйрөдө кыргыз, орус жана чет тилдеринде алып чыгат. | 1. Кыргыз тили<br>2. Орус тили<br>3. Чет тилдери | 4<br>4<br>4 |
| **ОН-2** | ... | | |
| **ОН-3** | ... | | |
| **ОН-4** | ... | | |
| **2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү цикли** | | | |
| **НББПнын окутуу натыйжалары** | **Компетенциялар** | **Дисциплиналар (модулдар)** | **Кредит** |
| ОН-5 | ЖКК-1. ...<br>ЖКК-2. ...<br>ЖКК-3. ...<br>КК-1 | | |
| **ОН-6** | ЖКК-4. ... | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | КК-2<br>КК-3<br>КК-4 | | |
| ... | ... | | |
| **3-цикл. Кесиптик  билим берүү цикли** | | | |
| **ОН-..** | КК-5. ...<br>КК-6. ...<br>КК-7<br>КК-8 | | |
| **ОН-..** | КК-9<br>КК-10<br>КК-11<br>КК-12 | | |
| **ОН-...** | КК-13<br>....<br>...ж.б. | | |

*6-тиркеме*

**Дисциплиналар менен компетенциялардын шайкештиги (матрицасы)**

*Эскертүү: матрицада компетенциялар таасири боюнча “Жогору” (Ж), “Орто” (О) жана “Төмөн” (Т) деп белгиленет*

| № | Дисциплиналардын аталыштары | Компетенциялар + кошумча компетенциялар | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | ЖК-1 | ЖК-2 | ЖК-3 | ЖК-4 | ЖКК-1 | ЖКК-2 | ЖКК-3 | ЖКК-4 | ... | .. | .. | .. | *КК-1* | *КК-2* | *КК-3* | *КК-4* | *КК-5* | *КК-6* | ... | Кредит |
| | ***1. Жалпы билим берүү цикли*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | **2. Жалпы кесиптик билим берүү цикли** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| .. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| .. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | **3. Кесиптик билим берүү цикли** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***“A” жана “B” тобуна*** *(базалык бөлүккө) тиешелүү дисциплиналар* | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| .. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***“C” тобуна*** *(элективдүү курстар) тиешелүү дисциплиналар* | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| .. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

*7-тиркеме*

**НББПнын окутуу натыйжаларын баалоо критерийлери**

| Окутуу натыйжаларын коду | Критерийлер | Баалоо каражаттары | Баалоонун формасы |
|---|---|---|---|
| ОН-1 | **Билим:** | | |
| | **Билгичтик:** | | |
| | **Көндүм:** | | |
| ОН -2 | **Билим** | | |
| | **Билгичтик:** | | |
| | **Көндүм:** | | |
| ..... | **Билим:** | | |
| | **Билгичтик:** | | |
| | **Көндүм:** | | |

*8-тиркеме*

**Эмгек рыногу жана негизги кызматташкан уюмдар/ишканалар**

| № | Кызматташкан мекеменин/уюмдун/ишкананын аталышы | Жайгашкан жери | Кызматташуунун формалары (түрү, багыты) | Түзүлгөн келишим жөнүндө маалымат | ... |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Кристалл” ачык акционердик коому | Ош, Алымбек датка көч., 3 | Практика базасы | Практиканттарды кабыл алуу боюнча келишим №2, мөөнөтү 2022- 2027-жылдын 31-декабрына чейин | |
| 2 | Ош шаардык Салык башкармалыгы | Ош, А.Масалиев көч., 2 | Дуалдык окутуу жана практика боюнча база | Дуалдык окутуу боюнча келишим №3, мөөнөтү 2025- 2030-жылдын 31-декабрына чейин | |
| 3 | “Кыргызтекстиль” ачык акционердик коому | ... | Өндүрүштүк базага экскурсия уюштуруу боюнча кызматташуу. | Келишим №4, мөөнөтү 2026-жылдан 2031-жылдын 31-декабрына чейин | |
| ... | ... | | | | |

*9-тиркеме*

**Билим берүү программасынын кадрлар менен камсыздалышы жөнүндө маалымат**

ББПны тейлеген жалпы окутуучулардын саны _______

*Анын ичинен*:

-толук штатта эмгектенген окутуучулар __________

- айкалыштырып эмгектенген окутуучулар______________

*Сапаттык көрсөткүч*: жалпы илимий даражасы бар окутуучулар ________%

Анын ичинен:

- жалпы билим берүү циклинин сапаттык камсыздалышы ________ %
- жалпы кесиптик циклдин сапаттык камсыздалышы ___________%
- кесиптик циклдин камсыздалышы________%

**Педагогикалык кызматкерлердин билими жана квалификацияларынын окутуп жаткан дисциплиналарга дал келиши боюнча маалымат**

| № | Окутуучунун аты- жөнү | Дисциплиналардын аталышы (Окуу планы боюнча катар тизмеленет) | Билими: бүтүргөн окуу жайы, адистиги жана квалификациясы, документтин реквизити | Илимий даражасы жана илимий наамы | Эмгек стажы | | Жумуш шарттары (толук / айкалыштыруу менен/ эмгек келишиминин чоо-жайы/ эмгек китепчесинин номери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Баары | Педагогикалык | |
| 1 | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | |
| .. | | | | | | | |

*10-тиркеме*

**Билим берүү программасынын окуу-методикалык камсыздалышы жөнүндө маалымат**

| № | Дисциплинлардын аталышы (*окуу пландагы циклдер боюнча*) | Студенттердин саны | Окуу адабияттарынын саны жана камсыздоо пайызы (0,5:1) | | Катуу мукабадагы окуу китептеринин жана башка материалдардын реквизиттери (автору, аталышы, басылган жылы) | Электрондук окуу китептеринин жана электрондук материалдардын реквизиттери (шилтеме) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Адабияттардын саны | Камсыздоо % | | |
| | ***1.* Жалпы билим берүү цикли** | | | | | |
| 1 | Кыргыз тили | 20 | 15 | 100% | | |
| 2 | Орус тили | 50 | 20 | 80% | | |
| 3 | .... | 80 | 30 | 75% | | |
| | 2. **Жалпы кесиптик билим берүү цикли** | | | | | |
| | .. | | | | | |
| | ... | | | | | |
| | **3. Кесиптик цикл** | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ... | | | | | |
| | .. | | | | | |